DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2020

## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Осмонов Ө.Ж.*

# ЕНИСЕЙЛИК КЫРГЫЗДАРДЫН VI-X КЫЛЫМДАРДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

*Осмонов О.Ж.*

# СОЦИАЛЬНО-ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ЖИЗНЬ ЕНИСЕЙСКИХ КЫРГЫЗОВ В VI-X ВЕКАХ

*O.J. Osmonov*

# SOCIAL-ECONOMIC LIFE OF THE YENISEI KYRGYZ OF THE VI-X CENTURIES

*УДК: 94(575.2)*

*Макалада енисейлик кыргыздардын VI-X кылымдардагы социалдык-экономикалык турмушу баяндалат. Бул мезгилде, кыргыздардын экономикасы чарбачылыктын түрдүү тармактарын камтып, комплекстүү өнүккөн. Илимий изилдөөлөр кыргыздардын көпчүлүгү мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен алектенгендигин тастыктайт. Кыргыздар келгенден баштап эле Енисейде сугат аянттары кенейтилип, дыйканчылык өнүгө баштаган. Минусинск ойдунунда кол менен казылган, узундугу 15-20 км каналдардын нуктарынын сакталышы енисейлик кыргыздарда дыйканчылык маданиятынын жогорку денгээлде өнүккөндүгүнөн кабар берет. Макалада кыргыздардын чоң бөлүгү мал чарбачылыгы менен алектенгендиги айтылат. Кыргыздар жылкыны өтө аздектеп багышкан. Мындан тышкары кыргыздар уйлар менен койлорду көп санда кармаган. Бул эмгек кыргыздардын динлиндер, кытайлар, түргөштөр, карлуктар ж.б. уруулар менен байланыштары чагылдырат. Аягында енисейлик кыргыздардын элдик билими, диний ишенимдери жана майрамдары жөнүндө айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *Енисей, Минусинск ойдуңу, дыйканчылык, малчылык, динлиндер, кытайлар, түргөштөр, карлуктар, тотемизм, фетишизм.*

*В статье отражается социально-экономическая жизнь енисейских кыргызов в VI-X вв., где показано, что экономика кыргызов развивалась комплексно, охватывая разные отрасли. Научные исследования подтверждают, что в это время кыргызы в основном занимались скотоводством и земледелием. С момента расселения кыргызов на Енисее, здесь увеличились площади полевых земель, и широко распространилось земледелие. Русла самодельных каналов протяжённостью 15-20 км в Минусинской котловине, свидетельствуют о высоком уровне культуры земледелия енисейских кыргызов. Далее говорится, что большая часть кыргызов занималась скотоводством. Особое предпочтение и внимание кыргызы отдавали лошадям. Кроме лошадей кыргызы в большом количестве разводили коров и овец. В статье, также освещается этнические взаимосвязи с динлинами, китайцами, тюргешами, карлуками, и другими племенами. В конце отражается развитие народных знаний, религиозные верования и праздники енисейских кыргызов.*

***Ключевые слова:*** *Енисей, Минисинская котловина, земледелие, скотоводство, динлины, китайцы, тюргеши, карлуки, тотемизм, фетишизм.*

*The article details the social - economic life of the Yenisei Kyrgyz in the VI-X centuries, where it is shown that the economy of the Kyrgyz developed comprehensively, and covering different industries. Scientific research confirms that at this time the Kyrgyz were mainly engaged in cattle breeding and agriculture. Since the settlement of the Kyrgyz on the Yenisei, the area of arable land has increased and agriculture has spread widely. The beds of self-made channels with a length of 15-20 km in the Minusinsk basin indicate a high level of agricultural culture of the Yenisei Kyrgyz. It is further stated that most of the Kyrgyz were engaged in cattle breeding. The Kyrgyz people gave special preference and attention to horses. In addition to horses, the Kyrgyz bred cows and sheep in large numbers. The article also highlights ethnic relationships with the Dinglin, the Chinese, the Turgesh, the Karluks, and other tribes. At the end, the development of folk knowledge, religious beliefs and holidays of the Yenisei Kyrgyz are reflected.*

***Key words:*** *Yenisei, Minisnisk basin, agriculture, cattle breeding, the Dinlins, the Chinese, the Turgesh, the Karluks, totemism, fetishism.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**Дыйканчылыктын жана мал чарбасынын өсүшү.** Айрым окумуштуулар кыргыздар негизинен көчмөн мал чарбасы менен кесип кылган десе, окумуштуулардын көбү кыргыздардын экономикасы чарбачылыктын көп түрлөрүн камтып, комплекстүү түрдө өнүккөн деген пикирди колдошот. Илимий изилдөөлөр енисейлик кыргыздардын негизинен мал чарбачылыгы жана дыйканчылык менен кесип кылгандыгын айгинелейт. Кыргыздар келгенден баштап Енисейде сугат жерлери кеңейип, дыйканчылык кеңири тараган. Минусинск ойдуңу Саян жана Кузнецк Ала-Тоосу менен курчалып салыштырмалуу анчалык чоң болбогондуктан экстенсивдүү мал чарбачылыгына караганда интенсивдүү дыйканчылыкка ыңгайлуу болгон. Бул жерде байыркы доордо *Тагар маданиятын* түзүүчү уруулар дыйканчылыктын кет-мендөө түрүн өздөштүрүшсө, *таштык маданиятынын* өкүлдөрү буурусун менен жер айдаган. Ал эми кыргыздар жерди айдоодо темир тиштүү буурусунду, Кытайдан алынып келинген же өздөрү жасаган соколорду пайдаланып айдоо жерлерин кеңейткен.

Минусинск ойдуңундагы узундугу 15-20 чакырым каналдардын нуктары енисейлик кыргыздардын дыйканчылыкты жогорку деңгээлде жүргүзгөнүнөн кабар берет. Бул каналдардын нуктарын жергиликтүү эл азыр да “кыргыз арыктары” деп аташат. Түшүмдү орок менен оруп, тегирменден унга айлантышкан. Енисей дарыясынын, анын куймаларынын жээктеринде катар-катар тегирмендер иштегендиги тарыхый булуктарда эскерилет.Үй-бүлөлөрдө жаргылчак, соку жана сок билек кеңири колдонулган. Дыйканчылыкта кара мал, өзгөчө өгүздөр менен жылкылардын күчү пайдаланылган. Отурукташкан дыйкандар бири-бирине көз карандысыз общиналарга биригип, аларды башчылар жетектеген. Кытай булактарында, Кыргыз жергесине кар оор түшөөрү, кышкысын суук катуу болоору, чоң дарыялар да жарымына чейин тоңуп калары, жайкысын жер нымдуу болоору жазылган. Кытай жазмалары кыргыздардын арпа, буудай, кара таруу, кара куурай, гималай арпасын эгээрин баяндайт. Ошол эле кытай хроникасындагы маалыматтар боюнча кыргыз дыйкандары эгинди апрель айында эгип, сентаябрь-октябрь айларында оруп алаары, дандан шак кайнатып бозо, арак жасап ичишээри баяндалган. Кыргыздардын мөмө-жемиш, жашылча өстүргөндүгү жөнүндө маалыматтар кездешпейт. Жогоруда айтылгандардан кыргыздардын дыйканчылыкты жакшы өздөштүргөнүн билебиз.

Тарыхый маалыматтарга таянсак ошол кездеги кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү негизинен мал чарбачылыгын кесип кылган. Кыргыздар төрт түлүк малдын ичинен жылкыны аздектеп асырашкан. Кытай булактарында кыргыз жылкылары айрыкча чымыр жана олбурлуу, жоого мингенге өтө ылайыктуу деп сыпатталган. Кытайлыктар кыргыз жылкыларын “ажайып жылкылар”, “мыкты күлүктөр”, “ак аргымактар” деп даңазалашкан. Кыргыз жылкыларына Кытай императорлору да суктанганы тарых жазмаларында эскерилет.

Кыргыз жылкыларынын ичинен асыл тукум аргымактар өзгөчө бааланган. Аларды дипломатиялык мамилелерди түзүүдө баалуу белек катары пайдаланышкан. Күлүк аргымактар байгеге чабылган. Күчтүү аргымактарды жоого минишкен. Аттардын экинчи тобун чарба жумуштарына пайдаланышкан. Жер айдоо үчүн буурусунга, сокого чегишкен. Жылкы кыргыздын турмушунда негизги роль ойногон. “Ат адамдын канаты” деген накыл сөз байыркы доордон калса керек. Жылкы ошол доордо негизги көлүк катары пайдаланылганы белгилүү. Кыргыздар жылкылардын дагы бир тобун тамак-аш үчүн баккан. Бээнин сүтүнөн кымыз жасап, этин жешкен.

Кыргыздар жылкыдан тышкары уй менен койлорду арбын баккан. Төөлөрдү негизинен көлүк катары пайдаланышкан. Кытай булактарында кыргыздарда төөлөр, койлор айрыкча букалар көп экендиги, тойлордо төөлөрдү да жарыштыраары жазылган.

Археологиялык казууларда кыргыздар мүрзөлөргө койдун, жылкынын жиликтерин кошо коюшкан. Мүрзөлөрдөн табылган сөөктөрдүн 50-60%зы койдун, 20-25%зы жылкынын жиликтери түзгөн. Демек кыргыздар миң сандаган койлорду багышкан.

Кыргыз мамлекетинин тарыхын изилдеген окумуштуулар кыргыздар үчүн башка элдерге талоочул согуш жүргүзүү мүнөздүү эмес экендигин белги-лешет. Байыркы хунндар, орто кылымдарда түрктөр, моңгол тилдүү этностор түзгөн мамлекеттер баскынчы согуштарды көп жүргүзгөн. Анткени алар согушту экономикалык себептерге байланыштуу, көбүнчө калкын азык-түлүк менен камсыз кылуу, оңой олжо үчүн жүргүзгөнү аныкталган. Кыргыздар комплекстүү чарба жүргүзгөндүктөн өз калкын керектүү азык-түлүк менен камсыз кылып, экономикасын чыңдай берген. Ошондуктан кыргыздардын башка элдерди талап тоноо зарылчылыгы болгон эмес. Кыргыздар согушту негизинен көз карандысыздык үчүн жүргүзүп, катылгандардын мизин татыктуу майтарып турган. Комплекстүү чарба жүргүзүлгөндүктөн кыргыздар чарба жүргүзүүнүн көп түрүн жакшы билген. Адамдар дыйканчылыктан малчылыкка же аң уулоого кыйынчылыксыз өтүп турган. “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” деген накыл сөз ошол доордо эле айтылса

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



керек.

**Аңчылык.** Кыргыздар күнүмдүк турмушунда аң уулого да көңүл бурган. Кытайлар кыргыз жергеси жапайы жылкыларга, тоо эчкилерине, аркар-кулжаларга, бугуларга, эликтерге, өзгөчө териси баалуу жаныбарларга каз-өрдөккө ж.б. өтө бай экендигин тамшанып жазышкан. Ушуга байланыштуу кыргыздарда аңчылык күчтүү өнүккөн. Бекеринен кытай булактарында кыргыздар кытай императоруна баалуу аң терилерин жана алардан жасалган кийимдерди тартуулаганы жазылбаса керек.

Кыргыздарда аң уулоо экономикадагы негизги тармактардын бири болгондугун айгинелеген тарыхый булактар арбын. Аң уулоодо кыргыздар атайын үйрөтүлгөн иттерди, бүркүттү, алгыр куштарды кеңири пайдаланган. Аңчылыкта темирден жасалган капкандар да колдонулган.

Кыргыздар балык уулашкан. Енисей, Абакан дарыяларында жана анын куймаларында, кыргыз жергесиндеги жүздөгөн көлдөрдө балыктын көп түрлөрү кездешкен. Кытайлар кыргыз жеринде *мие* деген балыктын узундугу бир метрге жетээрин, *ас-санкур* деген балыктын сөөгү аз, эти даамдуу болоорун, бул балыкта балыктарга мүнөздүү жыттын жоктугун, мындай балык Египеттеги Нил дарыясында да болоорун жазышкан. Демек кыргыздар балык уулап, тамак-ашка пайдаланган.

**Кыргыздардын этникалык байланыштары.** Биз жогоруда белгилегендей кыргыздар Түштүк Сибирге көчүп барып, Абакан жана Енисей дарыяларынын аралыгын мекендеген. Кытай булактарында кыргыздардын Ажосунун ордосу уйгурлардын ордосунан 40 күндүк төө жүрүшүндөй алыстыкта жайгашкандыгы жазылган. Демек, кыргыздар Борбордук Азиянын башка элдеринен обочо жайгашкан. Саян тоо кыркасы табигый чек катары кыргыздарды башка элдерден бөлүп турган. Буга карабастан кыргыздар жакынкы жана алыскы коңшулары менен этномаданий жана экономикалык жактан тыкыз байланышта болгон. Кыргыздардын башка этностор менен байланыштары бир нече кылымга созулгандыгын, бул процесс кыргыздардын этногенезинин калыптанышына чоң таасир тийгизгенин эстен чыгарбоо керек. Кытай, араб, перс булактары кыргыздарды чачтары кызгылт сары, көздөрү көк, узун бойлуу, ак жуумал этнос катары мүнөздөгөн. Бул өзгөчөлүк кыргыздар Енисейге барганда ал жактан жергиликтүү динлиндер менен жуурулушунун натыйжасында калыптангандыгы окуу китебинин алдыдагы темаларында баяндалган. Кыргыздардын арасында кара чачтуу, кой көз адамдар да көп болгон. Буларды кытайлык генерал Ли Линдин тукумдары деп эсептешкен. Демек кыргыздар Чыгыш Түркстан аймагынан Түштүк Сибирдеги Минусинск өрөөнүнө жер которуп, ал жакта саясий үстөмдүгүн орноткон. Ушундан улам жергиликтүү уруулар менен этникалык тыкыз байланышып, алар менен жүз жылдап жуурулушкан. Тарыхый булактарга таянсак кыргыздар өздөрүнөн батыш тарапта жашаган *кесимдер* деп аталган уруулар менен этникалык байланышта болгон. Кыргыздарга жакын азыркы Тува аймагын мекендеген *Чиктер* менен *Аздар* да кыргыздардын кыштымдары болгон. Демек бул эки эл тең кыргыздардын этникалык калыпта-нышына катышкан. Кыргыздарга коңшу жашаган *дубо, милиг, эчжи* аттуу уруулар да кыргыздарга көз каранды болгон. Бул элдер кайыңдан жасалган ала-чыктарда жашап, негизинен аңчылык жана жыйноочулук менен кесип кылышкан. Кыргыздадын чыгыш тарабында *курыкандар* (саха-якуттардын ата-бабалары) деген уруу жашаган. Булардын коомдук өнүгүүсү артта калган. Алар жашаган жерди суу каптап, саздак жер болгон. Курыкандардын тилин кыргыздар түшүнгөн эмес. Алар жалаң аңчылык менен жашап, аң терилеринен кийим кийишкен. Башка адамдарды көргөндө качкан, колго түшүп калса, берген тамакты жебеген. Өлгөндөрүн тоого алып барып, бактын башына асып коюшкан.

Кыргыздар менен тыкыз этномаданий байланышта болгон этнос – курыкандар. Алардын тилин да кыргыздар түшүнгөн эмес. Курыкандар Кыргыз мамлекетинин чыгыш чек арасында жашаган, кыргыздар менен аралашып, кийин өздөрүн кыргызбыз деп атап калышкан.

Кыргыздардын этногенезине катышы бар уруулардын бири *бома* деп аталган. Бомалар кыргыз мамлекетинин түндүгүндө Түндүк муз океаны тарапта жашаган. Бома деген сөз “ала” дегенди түшүндүргөн. Алар баккан жылкылардын өңү ала болгон. Балким ушундан улам алар бомалар деп аталса керек. Кытай булактарында бомалардын 30 миң аскери, 300миң жылкысы бар деп жазылган. Бомалардын сырткы кебетеси кыргыздардыкына окшош болгону менен бири-биринин тилдерин түшүнгөн эмес. Аларды кыргыздар башкарган.

Кыргыздардын мамлекетинин чек арасы саясий окуяларга байланыштуу улам чоңоюп, кеңири аймакка тараганын билебиз. Мамлекеттин чек арасы кеңейген сайын ал жактарда жашаган этникалык топтор да кыргыздар менен этномаданий байланышта өнүккөн. Кыргыздардын этногенезине Борбордук Азиянын тарыхында маанилүү орунду ээлеген *түргөштөр* жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*карлуктар* катышкан. Түргөштөр кытайлыктардын кысымы менен Жети-Суудан сүрүлүп Енисейдеги кыргыздарга келип кошулган. Кыргыз ажоосунун энеси түргөш, ал эми аялы карлук болгонун билебиз. Кыргыздардын азыркы саруу уруусу этникалык жактан карлуктар менен байланыштуу деген божомол бар.

Кытай маалыматтарында кыргыздын аскер колу 30 миңден, 80 миңге чейин көбөйгөнү жазылган. Демек кыргыздардын колу негизинен кыргыздарга кошулган башка уруулардын эсебинен көбөйгөн. Окумуштуу-тарыхчы М.Кожобеков VII к. орто ченинде Кыргыз каганатынын калкынын саны 150 миң киши, VIII к. ортосунда 500 миң киши, ал эми Улуу Кыргыз дөөлөтүн түзгөндө 1-2 млн. болгон деп эсептейт. Ушундан эле кыргыз этногенези көптөгөн башка уруулардын жуурулушунун натыйжасында көбөйүп калыптанганы көрүнүп турат.

**Кыргыздардын диний ишенимдери.** Байыркы кыргыздардын мифтери менен уламыштарында *тотемдик* түшүнүктөр көп кездешет. Бул ишеним алгачкы коомдук түзүлүш мезгилинде т.а. аңчылык доорунда пайда болгон. Ошол доордо адамдар менен жаныбарлар дүйнөсүнүн ортосунда табигаттан тышкары байланыш бар деген ишеним болгон. Байыркы адамдардын тигил же бул уруусу, жаныбырлардын тигил же бул түрүнөн жаралган же алар менен кандаш турган, жаныбарлардын колдоочусу бар деп ишенишкен. Жылкынын пири − Камбар-Ата, койдуку – Чолпон-Ата, төөнүкү − Ойсу-Ата, канаттуулардыкы – Буудайык, курт-кумурскалардыкы − Кара-Чаян, уйдуку − Зенги-Баба, эчкиники − Чычаң-Ата д.у.с. түшүнүктөр коомдук аң-сезимге сиңген. Аңчылыкта кийикти чемсиз атса кийиктин пири Кайберендин каргышына калат. Ургаачы же жаш кийикти атууга болбойт д.у.с. эрежелер сакталган.

Тотемизм менен катар кыргыздарда *фетишизм* т.а. жаратылыштын кубулуштарына, жансыз нерселердин табигаттан тышкары күчтөрүнө сыйынуу өнүккөн. Байыркы кыргыздар үчүн эң башкы кудай катары Асман эсептелген. Аны “Көк Теңир”, “Теңир ата” деп аташып андан жардам күтүшкөн. “Теңир колдосун”, “Теңир жалгасын” деген сөздөр ошол байыркы доордон калган. Жаман иштерди жасагандарды “Теңир урсун” деп каргашкан.

Жер, суу, от, бак дарактар ыйык делип эсептелген. Жердин, тоонун, суунун руху бар, алар Теңирден кийинки орунда турат деп ишенип, жердин, тоонун, суунун ээлерине багыштап курмандык чалышкан. Кыргыздарда: “Тирүү жандын атасы - күн, энеси - жер, каны - суу, жаны - аба” делип эсептелинген. Сууну булгаба, токойду ыксыз кыйба, өрттөбө сыяктуу тыюу салуулар болгон. Бак-дарактын ээси – Бай-Терек, шамалдын ээси - Жел-Кайып деп эсептелген. Мындан тышкары мазардын, булактын ж.б. ар биринин ээлери болот деген ишеним күчтүү өнүккөн. От тазалоочу зат катары каралган. Тарыхчы ал-Марвази: “Кыргыздардын салтында өлгөндөрдү өрттөшчү, алар от тазартып, аруулайт деп ишенишет”, - деп жазган. Наристе же өспүрүм балдар өлсө алардын сөөгүн өрттөбөй көмгөн. Анткени алар күнөөсүз делип эсептелген.

Байыркы кыргыздарда *анимизм* т.а. ата-бабалардын арбактарына сыйынуу күчтүү өнүккөн. Ата-Бабалардын арбактары өз уруусун, өз тукумун ар кандай жамандыктардан, душмандардан, кырсыктардан коргойт деп ишенишкен. Арбакка багыштап курмандык чалуу салты болгон.

Байыркы кыргыздар Умай энеге ишенген. Умай эне Теңир атадан кийинки башкы кудай деп эсептелген. Умай эне бүтүндөй элди, улууларды, үй бүлөнү, өзгөчө жаш балдарды колдойт деген ишеним күчтүү болгон. Мисалы, Барсбектин уруусу Умай эненин өзгөчө колдоосуна ээ деп эсептелген. Умай эненин жакшы аракеттерине *албарсты* деп аталган аял кебетесиндеги мифтик зыяндуу жандык тескери аракет жасайт деп түшүнүшкөн.

Байыркы кыргыздардын коомдук аң-сезими чарбалык, жоокердик, аза күтүү ж.б. багыттагы ырларда, дастандарда, эпостордо кеңири чагылдырылган.

Өлгөн адамды кайгырып жоктоо көп элдерге мүнөздүү салт экендиги белгилүү. Кыргыздар байыркы доордо эле өлгөндөрдү чоң кайгы менен узатышкан. Өлгөн адамдын коомдогу ордун баяндап кошок кошуу салты күчтүү өнүккөн. Кыргыздарга тийешелүү орхон-енисей жазуулары, өзгөчө мүрзөлөргө коюлган эпитафиядагы тексттер кошок формасында жазылган.

Тарыхый маалыматтарда байыркы кыргыздар өлүк көмүү учурунда беттерин тытышпайт, тек маркумдун денесин үч катар оройт да, аза күтүп ыйлашат, андан соң табытты өрттөшүп, сөөктөрүн чогултуп сактап коюп, бир жылдан кийин жерге көмүшөт деп жазылган. Араб жана перс булактарында кыргыздар өлгөндөрдү өрттөп, күлүн Манхаз дарыясына төгүшөрүн, бул дарыядан алыс жашагандар күлдү чогултуп шамалга учуруп жиберээрин жазышкан.

Байыркы кыргыздар атактуу адамдар үчүн чоң дөбө мүрзөлөрдү жасап, анын айланасына чоң-чоң таштарды тикесинен орнотуп, аларды “ чаа-тас” - (“жоокер таш”) деп аташкан. Бул байыркы кыргыздардын тарыхында “Чаа-тас мезгили” деп аталат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Байыркы кыргыздарда диндердин алгачкы формасы – *шаманизм* өнүккөн. Тарыхый булактарда төмөндөгүдөй маалымат бар. Шамандарды “фагинун” деп аташкан. Фагинундар ар жылы бардык музыканттарды ала келишип, көңүлдүү той үчүн барын даярдашат. Музыканттар ойной баштаганда фагинун эстен танат. Ушул учурда андан бул жылы эмне болот деп сурашат. Ал барын алдын-ала айтат жана көпчүлүк учурда анын айткандары туура келген.

**Кыргыздардын майрамдары.** Енисей кыргыздары бир жылда бир нече майрам өткөргөн. Алардын ичинен: “ жаз майрамы”, “күз майрамы”, жана “нооруз майрамы” өзгөчө мааниге ээ болгон.

Ноорузга каган баштаган уруу башчылары катышкан. Алар бир жерге чогулуп, теңирге, арбактарга сыйынып, ар кандай ырым-жырымдарды жасашып, курмандыкка жылкыларды, койлорду, өгүздөрдү чалышкан. Мындан башка “обо” (мазарларга) жана ата-бабаларынын мүрзөлөрүнө барышып, аларга коюлган жыгачтарга узундугу чыканактай, жазалагы эки келген ак, сары, көк түстөгү чүпүрөктөрдү байлашкан. Башка түстөгү чүпүрөктөргө уруксат берилбеген. Анткени ак түс Теңирдин, сары – күндүн, көк – жер, суунун белгиси деп эсептелген. Кыргыздардын мазарларга чүпүрөк байлоо салты ошол мезгилден калган.

Енисейлик кыргыздардын байыртадан калган салты жана ажонун түзгөн тизмеси боюнча жогоруда айтылгын майрамдарда ар бир уруунун жанан тайпалардын аксакалдары жыйналып, аларга караштуу элдин абалы, адам жана малдын саны, түшүмдүн көбөйгөндүгү же азайгандыгы жөнүндө каганга эсеп өткөрүшчү. Андан кийин ар кандай оюндар көрсөтүлүп, майрам үч күн, үч түнгө созулчу экен.

Нооруз майрамында ар түрдүү оюндарды көрсөтүшкөн. Эл Теңирге сыйынып, ар түрдүү ырым-жырымдарды жасап, жаңы жылдан жакшылык тилешкен. Ошол кезде эле кыргыздар “көжө” деген тамак жасашкан. Аны даярдоонун эрежелерин эл ушул күнгө чейин сактап келди.

**Адабияттар:**


1. Бартольд В.В. Кыргыздар // Кыргыздар: Жыйырма томдук. II том. - Б., 2019.
2. Худяков Ю. Енисей кыргыздарынын тарыхы, “кыргыз" этноними жөнүндө. // Кыргыздар: Жыйырма томдук. II том. - Б., 2019.
3. Иакинф. Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в Древние времена. - СПб., 1851.
4. Савинов Д.Г "Кыргызское великодержавие”. // Кыргызы: Двадцати томник. X том. - Б., 2019.
5. Кожобеков М. Кыргыздардын орто кылымдагы тарыхынын изилделиши // Кыргыздар: Жыйырма томдук. XV том. - Б., 2019.
6. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин): Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. - Б., 2019.